КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

АК-ДӨБӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
АК-ДЮБИНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

ДЕПУТАТТАРДЫН АК-ДӨБӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

# ТОКТОМ

2024-жылдын 12-январы №112 Тилекмат айылы

**Айыл аралык көчөлөрдүн жээгиндеги арыктарда, ички жана тышкы ирригацияда тигилип өсүп жаткан тал-теректерди жулдуруу жөнүндө.**

Ак-Дөбө айыл аймагындагы айыл аралык көчөлөрдүн жээгиндеги арыктарда, ички жана тышкы ирригацияда тигилип өсүп жаткан тал-теректерди жулдуруу жөнүндө айылдык кенешинин депутаты У.Казакбаевдин билдирүүсүн угулуп, талкуулап Ак-Дөбө айыл аймагынын айылдык кенешинин сессиясы токтом кылат:

1. Ак-Дөбө айыл аймагындагы айыл аралык көчөлөрдүн жээгиндеги арыктарда, ички жана тышкы ирригацияда тигилип өсүп жаткан тал-теректерди жулдуруу боюнча сунуш колдоого алынсын.

2. Айыл аралык көчөлөрдүн жээгиндеги арыктарда өсүп турган тал-теректерди алдыруу жана инфраструктурага тоскоолдук жараткан курулуштарды жана курулган сарайларды жылдыруу боюнча айыл тургундарына эскертилсин.

3. Ички жана тышкы ирригацияда тигилип өсүп жаткан тал-теректер жер айдоо, эгин чабуу учурунда техникаларга тоскоолдук жаратып жатканы эске алынсын жана жер ээлерине тал-теректерди жулдуруу эскертилип, жулдурулсун.

4. Токтомдун аткарылышын Ак-Дөбө, Мундуз, Аң-Өстөн, Тилекмат айылынын айыл башчыларына жана көзөмөлдөө жагы айыл өкмөт башчысы М.Алиевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Тыныбеков**